

# ЖАҢЖАЛ ЧЫККАН АЙМАКТАРДАН КАЙТЫП КЕЛГЕН БАЛДАРДЫН РЕПАТРИАЦИЯСЫН ЖАНА РЕИНТЕГРАЦИЯСЫН ЧАГЫЛДЫРУУНУН ЭТИКАЛЫК СТАНДАРТТАРЫ

**Бишкек, 2025**

Co-funded by
the European Union

unicef
for every child

Ушул колдонмодо Кыргызстандын гуманитардык миссияларынын алкагында Сириядан жана Ирактан кайтарылган балдар менен аялдардын репатриация жана реинтеграция процессин ЖМКда чагылдыруунун этикалык стандарттары баяндалган. Бул гуманитардык миссиялар ЮНИСЕФтин жана башка эл аралык өнөктөштөрдүн колдоосу менен ишке ашырылууда.

Колдонмону ЮНИСЕФтин Кыргызстандагы өкүлчүлүгү үчүн Prevention Media даярдады жана окурмандардын кеңири чөйрөсүнө даректелет.

Бул басылма № SAQMIP23GR0078 грантынын шарттарына ылайык Европа Биримдиги жана АКШнын Мамлекеттик департаменти биргелешип каржылаган ЮНИСЕФтин долбоорунун алкагында даярдалды. Бул басылманын мазмуну үчүн авторлор гана жооптуу жана Европа Биримдигинин, АКШнын Мамлекеттик департаментинин же ЮНИСЕФтин көз карашын чагылдырбайт.

# 1. КИРИШ СӨЗ

Жаңжалдан жапа чеккен балдарды мекенине кайтаруу маселеси коомчулукта кеңири кызыгууну жана талкууну жаратып келет. Бул теманы ЖМКда чагылдыруу кээде балдардын укуктарын басмырлаган, стигманы күчөткөн жана коомго аралаштырууга тоскоол боло турган баш макалалар, сүрөттөр, видеолор жана комментарийлер менен коштолууда.

Жаңжал болгон аймактардан балдарды репатриациялоо – бул татаал гуманитардык, укуктук жана социалдык милдет. Бул процесс балдар көбүнчө укуктарынын одоно бузулушунун курмандыгы болуп жатканын таанууга негизделген. Алар баштан өткөн жоготуулар, жаңжалдар, жер которуулар жана узак мөөнөткө камакка алуу менен шартталган терең жана өз ара байланыштагы аяр абалга туш болушат.

ЖМКдагы кесипкөй кызматкерлер коомдун кабылдоосун түптөөдө, стигманы азайтууда жана кайтып келгендердин ийгиликтүү реинтеграцияланышына көмөктөшүүдө маанилүү ролду ойношот. Балдардын коопсуздугун, алардын жеке жашоосун коргоону камсыз кылып, бул процессти тең салмактуу, этиканын стандарттары боюнча, ошол эле маалда маалыматты кенен берүү менен чагылдыруу кыйла оор. Мында балдардын аяр абалын эске алганда бул өтө маанилүү.

Кыргызстандын өкмөтү Ирак менен Сириядан өз жарандарын репатриациялоо боюнча өнөктүктү баштоо тууралуу чечимди кабыл алгандан кийин ЮНИСЕФ Евробиримдиктин Тышкы саясат кызматынын жана АКШнын Терроризмге каршы бюросунун финансылык колдоосу менен ЖМК адистерине репатриациялоого байланышкан маселелерди этикалык түрдө жана этияттык менен чагылдырууга ыйгарым укуктарды берүү боюнча кадамдарды жасады.

ЮНИСЕФтин тажрыйбасынын негизинде иштелип чыккан бул колдонмо ЖМКнын өкүлдөрүнө, анын ичинде басма сөз кызматтарына, социалдык тармактар үчүн контентти жасагандарга, коомдук уюмдардын өкүлдөрүнө, мамлекеттик жана социалдык кызматтардын кызматкерлерине муну кантип жасоо керектиги боюнча сунуштамаларды камтыйт. Колдонмо:

- *Кыргыз Республикасына репатриацияланган балдар жана алардын үй-бүлөлөрү жөнүндө этикалык стандарттарды жана принциптерди түшүндүрөт.*
- *Сенсация, купуялуулукту бузуу жана стигманы камтыган сөздөрдү колдонуу сыяктуу кеңири жайылган каталардан оолак болууга үндөйт.*
- *Коомчулук үчүн маалымат берүүчү жана балдардын коопсуздугун камсыз кылган материалдарды түзүү боюнча мыкты тажрыйбаларды сунуштайт.*

Мындай сунуштарды берүү менен, бул колдонмо журналистикада жана коомчулук менен байланыштарда кесипкөй стандарттарды иштеп чыгууга, этикалык стандарттардын маанилүүлүгү жөнүндө маалымдуулукту жогорулатууга, балдардын жана үй-бүлөлөрдүн реинтеграция тажрыйбасын натыйжалуу чагылдырууга көмөктөшөт, бул болсо акыр соңунда коомчулуктун катышуусун жана колдоосун шарттайт.

# 2. БАЛДАРДЫ РЕПАТРИАЦИЯЛОО ТУУРАЛУУ НЕГИЗГИ МААЛЫМАТ

2021-жылдын мартынан 2024-жылдын июль айына чейинки мезгил аралыгында Кыргызстандын өкмөтү сегиз операциянын алкагында Ирак менен Сириядан 541 жаранды, анын ичинде 396 баланы мекенине кайтарды. Бул балдар куралдуу жаңжалдын курмандыктары болуп саналат. Алар Ирак жана Левант Ислам мамлекети (ИГИЛ)[1] кулагандан кийин кармалган. Бул балдардын көбү ИГИЛдин көзөмөлүндөгү аймактарда же камакка алынгандардын лагерлеринде туулуп-өскөн. Бул жерлерде алар катаал жана адамгерчиликсиз шарттарда жашаган, эркиндигинен ажыратылган, зордук-зомбулукка жана эксплуатациялоого кабылган, ошондой эле билим берүү жана саламаттыкты сактоо сыяктуу негизги кызмат көрсөтүүлөрдөн ажыратылган.

Кыргыз Республикасынын репатриациялоо боюнча масштабдуу программаларды ишке ашырган дүйнөдөгү саналуу өлкөлөрдүн бири болуу тууралуу чечими улуттук жана эл аралык ЖМКлардын олуттуу көңүлүн бурду. Өкмөт бул гуманитардык операцияларды жетектеп турган чакта, ЮНИСЕФ Европа Биримдигинин (EU FPI) жана АКШнын Мамлекеттик департаментинин Терроризмге каршы күрөш бюросунун (USBCT) колдоосу менен процесстин жүрүшүндө үзгүлтүксүз техникалык жана операциялык көмөк көрсөтүп турду.

Ирактан жана Сириядан Кыргызстанга кайтарылган балдар жаңжалды башынан өткөрүп, жер которуп, узак мөөнөт камакта кармалгандыктан аяр абалда болушу мүмкүн. Алардын дээрлик бардыгы зордук-зомбулукка күбө болушкан жана жакындарын жоготушкан. Көптөр катаал жашоо шарттарына байланыштуу жаракаттарды алышкан же ден соолугуна байланыштуу көйгөйлөрү бар. Бул балдардын басымдуу бөлүгү формалдуу билимге ээ эмес, мунун натыйжасында айрыкча улуураак балдардын билиминде олуттуу боштуктар бар.

Кайтып келгенде бул балдар реинтеграциялоого байланыштуу кошумча кыйынчылыктарга туш болуп жатышат. Адатта агрессивдүү идеологиялардын таасирине кабылып калгандан корккондуктан алардын өткөнүнө байланыштуу жаңылыш түшүнүктөр жана стигма алардын коом тарабынан кабыл алынышына тоскоол болушу мүмкүн. Кыздар кошумча аяр абалга туш болушу ыктымал, анын ичинде гендердик зомбулукка, зыяндуу социалдык нормаларга жана эрте куракта же мажбурлап никеге туруу менен байланышкан тобокелдиктерге туш болушу ыктымал. Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдар зарыл кызмат көрсөтүүлөргө жана колдоо системаларына жетүүдө дагы чоң тоскоолдуктарга дуушар болушу мүмкүн.

Үй-бүлөнүн жана коомдун колдоосу реинтеграциялоого көмөктөшүүдө маанилүү коргоочу ролду ойнойт. Балдар кабыл алууга ынтызар жана маалыматы бар коомго жана камкорчуларга кайтканда, аларда сакайып, өсүп-өнүгүү үчүн мүмкүнчүлүгү көбүрөөк болот. Кыргыз Республикасынын президенти Садыр Жапаров буларды баса белгиледи:

> *"Ар кандай себептерден улам Иракка кеткен Кыргызстандын жарандарынын бул балдары бөтөн жердеги аскердик операциялардын кесепеттерин башынан өткөргөндүктөн, аларга өз мекенинде ар дайым баш калкалоочу жай, камкордук жана коргоо табаарын көрсөтүш керек".*

1 Кыргыз Республикасында бул уюмдун ишмердигине тыюу салынган

# 3. БАЛДАРДЫ РЕПАТРИАЦИЯЛОО ТУУРАЛУУ ТАК ЖАНА ЭТИКАЛЫК МААЛЫМАТ: БУЛ ЭМНЕ ҮЧҮН МААНИЛҮҮ

Куралдуу жаңжалдар орун алган аймактардан балдарды репатриациялоо тууралуу коомдук пикирди калыптандырууда жалпыга маалымдоо каражаттары негизги ролду ойнойт. Так эмес маалымат балдарды басмырлап, коомчулуктун реалдуулукту кабылдоосун бурмалап, ал тургай кеңири социалдык чыңалууну жаратышы мүмкүн.

Бул колдонмодо берилген сунуштарга ылайык этикалык отчеттуулук бир катар оң кесепеттерге алып келиши мүмкүн, анын ичинде:

- *Мекенине кайтарылган балдарга жана алардын үй-бүлөлөрүнө карата стигманы жана басмырлоону болтурбоо*
- *Бул балдарды жаңжалдын айыпкери катары эмес, курмандыгы катары караган, фактыларга жана боорукердикке негизделген коомдук талкуунга көмөктөшүү*
- *Гуманитардык көйгөйлөрдү саясий талкуудан бөлүп карап, социалдык чыңалууну азайтууга жардам берүү*
- *Реинтеграциялоо, реабилитациялоо жана колдоо программаларын чагылдырууда расмий, ишенимдүү булактарды колдонуу менен тактыкты камсыз кылуу.*

Балдардын жеке жашоосун сыйлап, алардын кайра травма алуусун болтурбай, коомдун назарынан оолак болуусуна шарт түзүү зарыл.

# 4. ЖМК ҮЧҮН ЖЕТЕКТӨӨЧҮ ПРИНЦИПТЕР

Балдарды репатриациялоону конструктивдүү чагылдыруу алардын коомго ийгиликтүү аралашуусунда негизги ролду ойнойт. Журналисттер этикалык нормаларды сактап, маалыматты тең салмактуу бериши керек. ЮНИСЕФ жана КР Министрлер Кабинетинин Аппараты согуштук аракеттер жүрүп жаткан аймактардан кайтып келген балдардын абалын чагылдыруу боюнча сунуштарды иштеп чыгышты. Биринчи кезекте балдарга байланышкан окуяларды ЖМКда чагылдыруу аларга басмырлоо, психологиялык азап тартууже зыян сыяктуу терс кесепеттерге алып келбеши керек.

**Жалпысынан алганда, аялдардын жана балдардын репатриациясын жана реинтеграциясын ЖМКда чагылдыруу:**

- *Балдардын укуктарын түшүнүүгө, анын ичинде балдарды өз укуктарынын ээси катары таанууга көмөктөшүш керек.*
- *Балдарга карата зордук-зомбулук деген эмне экенин коомчулукка түшүндүрүүгө тийиш.*
- *Чечимдерди кабыл алууда балдардын жеке кызыкчылыктарын биринчи орунга коюу менен алардын жеке турмушка болгон укугун урматтоо зарыл.*
- *Маалыматтык материалдарды, анын ичинде жаңылыктарды даярдап жатканда мекенине кайтарылган балдардын тажрыйбасын эске алыңыз.*
- *Кыздар жана балдар зордук-зомбулукка жана эксплуатациялоого карата аяр абалда болуп, ар кандай тажрыйбага ээ болушу мүмкүн экенин моюнга алуу зарыл.*

## 4.1. ЖАЛПЫГА МААЛЫМДОО КАРАЖАТТАРЫНДА БАЛДАРДЫН УКУКТАРЫН ЖАНА КАДЫР-БАРКЫН КОРГОО

Кыргызстандын журналисттеринин Этика кодексинин 12-беренесинде мындай деп жазылган: "Балдарга байланышкан маселелерди чагылдырууга журналист бөтөнчө этият болушу шарт. Журналистте жашы жете электин же жашы жете электердин жеке жашоосун чагылдыруу үчүн жүйөлүү негиз жана балдардын ата-энесинин, асырап алгандардын же мыйзамдуу өкүлдөрүнүн макулдугу болушу керек.

Зомбулук окуяларга катышкан, мыйзамсыз аракеттерге байланышы бар жашы жете электердин аты-жөнүн (же алардын ким экенин таанып билүүгө мүмкүндүк берген белгилерин) жарыялоого жол берилбейт.

Аярлуу кырдаалдарга туш болгон балдарга байланыштуу маселелерди чагылдыруудагы коомчулуктун кызыгуусу баланын кызыкчылыгына жана укуктарына негизделиши керек".

Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 18-беренесинде: "Жаран өзүнүн ар-намысына, кадыр-баркына же ишкердик беделине шек келтирген маалыматтарды, ал эми юридикалык жак өзүнүн ишкердик беделине шек келтирген маалыматтарды төгүндөөнү сот аркылуу талап кылууга укуктуу" деп жазылган. Эгерде жарандын ар-намысына, кадыр-баркына же ишкердик беделине шек келтирген маалыматтар, ошондой эле юридикалык жактын ишкердик беделине шек келтирген маалыматтар жалпыга маалымдоо каражаттарында жайылтылса, алар ошол эле жалпыга маалымдоо каражаттарында төгүндөлүүгө тийиш. Башка учурларда жокко чыгаруунун тартибин сот белгилейт. Жалпыга маалымдоо каражаттарында анын укуктарын же мыйзам тарабынан корголгон таламдарын кысымга алган маалыматтар жарыяланган учурда, жаран же юридикалык жак ошол жалпыга маалымдоо каражаттарында өзүнүн жообун жарыялоого укуктуу.

***Бузуулар жөнүндө этикалык түрдө, Кыргызстандын мыйзамдарына жана балдарды коргоонун эл аралык принциптерине ылайык кабарлоо:***

**Бала – бул бала экенин эсиңизден чыгарбаңыз.** Бардык учурларда баланын таламдарын жана укуктарын коргоону эске алуу менен, балдарга биринчи кезекте баладай мамиле жасалууга тийиш.

Балдар жаңжалдарын катышуучулары эмес, курмандыктары экенин баса белгилеңиз.

**Купуялыкты камсыз кылыңыз.** Баланын анонимдүүлүгүн сактабоо, аны тобокелге салат. Балдарды жана алардын үй-бүлөлөрүн аныктоо үчүн колдонулушу ыктымал маалыматтарды, анын ичинде балдар убактылуу жайгаштырылган жерди (транзиттик борбор жайгашкан жерди), үй-бүлөлөрдүн жайгашкан жерин (анын ичинде райондорду жана калктуу конуштарды), ошондой эле балдардын этностук жана/же аймактык таандыктыгын ачыкка чыгарбаңыз.

Мындан тышкары, балага же үй-бүлөгө тиешелүү башка жеке маалыматтарды ачык айтпаңыз. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, жеке маалыматтарга жарандардын биографиялык жана идентификациялык маалыматтары, алардын жеке мүнөздөмөлөрү, үй-бүлөлүк жана мүлктүк абалы, ден соолугунун абалы ж.б. кирет.

Сүрөттөрдө жана видеолордо ар дайым согуш жүрүп жаткан аймактардан кайтып келген балдардын жана аялдардын жүзүн жана башка аныктоочу белгилерин жашырыңыз. Таанып билүүгө шарт түзгөн башка деталдарды ачыкка чыгарардан мурун жакшылап ойлонуңуз.

Оор стресске себепчи болгон окуяларды башынан өткөргөн **баланын жүрөгүн кайра жаралап алуудан алыс болуңуз.** Балдар макала үчүн маектешүүгө тартылганда же окуялар жарыяланган макалада чагылдырылса, кайрадан травма алышы мүмкүн. Маектешүүдө:

- *Азапка салган эскерүүлөрдү жараткан суроолордон алыс болуңуз.*
- *Балдардан аларды капа кылышы ыктымал окуялар жөнүндө айтып берүүсүн өтүнбөңүз.*
- *Баланын жаш курагын эске алуу менен баарлашууда ага сый-урмат менен мамиле кылып, боор тартыңыз.*

**Берүүлөрдө жана сюжеттерде адамдарды даңазалоодон же аларды жамандоодон алыс болуңуз.** Балдарды басмырлоонун бутасына айландыра турган сүрөттөмөлөрдү колдонбоңуз. Кастык тилинен, стереотиптерден оолак болуп, терс маанайда жалпылаштырбаңыз.

## 4.2. ЖЕКЕ ТУРМУШТУ КОРГОО ЖАНА ЖАЛПЫГА МААЛЫМДОО КАРАЖАТТАРЫНДА ӨЗ СҮРӨТҮНӨ БОЛГОН УКУК

Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 19-беренесинде: “Кандайдыр бир адамдын жарыяланган сүрөтүн (картина, фото сүрөт, тасма ж.б.) бул адамдын макулдугусуз жарыялоого жана таратууга эч кимдин укугу жок” деп жазылган.

КР Граждандык кодексинин 20-беренесинде мындай деп жазылган: “Жаран өзүнүн жеке турмушунун сырын: кат жазышуунун почталык, телеграфтык, электрондук жана башка билдирүүлөрдүн, телефондук жана башка сүйлөшүүлөрдүн, күндөлүк жазуунун, жазмалардын, эскерме жазуулардын, интимдик турмуштун, туулгандыгынын, асырап алуунун сырларын, врачтык же адвокаттык сырларды жана салымдардын сырларын ж.б. сактоону коргоо укугуна ээ.

Күндөлүктөрдү, жазмаларды, эскерме каттарды жана башкаларды жарыялоого алардын авторунун макулдугу менен, ал эми каттарды анын авторунун жана катты алган адамдын макулдугу менен гана жарыялоого жол берилет. Алардын кимдир-бирөө өлгөн учурда аталган документтер тирүү калган жубайынын жана өлгөн адамдын балдарынын жана башка мурастоочуларынын макулдугу менен, андан кийин анын кийинки тукумдарынын макулдугу менен жарыяланышы мүмкүн.

***Кыргызстандын мыйзамдарына жана балдарды коргоонун эл аралык принциптерине ылайык маалыматты этикалык жарыялоо үчүн:***

Ата-энесинин же камкорчусунун **жазуу жүзүндөгү уруксаты болмоюнча жашы жете электердин сүрөттөрүн (анын ичинде фотолорду жана видеолорду) жарыялабаңыз же таратпаңыз.**

Согуш аймактарынан кайтып келген **балдардын жана аялдардын жүзүн жашырыңыз.** Балдардын жүзүн түз тартпаңыз. Балдарды же алардын жашаган жерин аныктоого мүмкүндүк берген сүрөттөрдөн же видеолордон алыс болуңуз.

Эгерде ар кандай себептерден жана жагдайлардан улам сүрөткө же видеого тартуу мүмкүн болбой жатса, **иллюстрация үчүн текшерилген булактарды гана колдонуңуз**. Аларга төмөнкүлөр кириши мүмкүн:

- *КР Ички иштер министрлиги, Тышкы иштер министрлиги же Эмгек, социалдык коргоо жана миграция министрлиги сыяктуу мамлекеттик органдардын расмий фото жана видео архивдери.*
- *ЮНИСЕФтин расмий фото жана видео банкы.*

Бардык сүрөттөргө же видеолорго зарыл маалыматтарды камтыган түшүндүрмөлөрдү кошуңуз. Автордук укукту көрсөткөндү жана сактаганды унутпаңыз.

**Кастыкты жаратышы ыктымал же кайтып келгендердин жеке турмушка укугун бузган сүрөттөрдү колдонбоңуз.**

## 4.3. ОКУЯЛАРДЫ ТАК, КАЛЫС ЖАНА БЕЙТАРАП ЧАГЫЛДЫРУУ

Кыргызстандын журналисттеринин Этика кодексинин 9-беренесинде мындай деп айтылат: “Тартылган сүрөттөрдү жана аларга түшүндүрмөлөрдү, тексттерди, баштемаларын редакциялоодо материалдарды бурмалоого, маанисин өзгөртүүгө жана кыскартууга жол берилбейт. Материалдын тексти, интершоокумдар, маектер анын видео иретине шайкеш келиши кажет”.

***Этикалык нормаларды, Кыргызстандын мыйзамдарын жана балдарды коргоонун эл аралык принциптерин сактаңыз:*** **ашыкча драманы аралаштыруудан жана сенсация жаратуудан алыс болуңуз.** Эмоциялар жана жеке тажрыйба окуяларга кошумча элемент кошушу мүмкүн, бирок окуяда бардыгы так болууга тийиш, ал эми окуя эмоцияларга эмес, фактыларга негизделиши керек.

**Эксперттерге,** анын ичинде психологдорго, социалдык кызматкерлерге жана тартип коргоо органдарынын кызматкерлерине **сөз бериңиз**.

Реабилитациялоо, калыбына келтирүү жана реинтеграциялоо программаларын талкуулоодо **расмий жана ишенимдүү булактарга таяныңыз.**

Көйгөй жараткан учурларды эле эмес, **ийгиликтүү реинтеграциялоонун мисалдарын камтыган толук сүрөттү бериңиз.**

**Гуманитардык маселелерди саясий талаш-тартыштардан бөлүп караңыз.**

**Бардык тараптардын аракеттерин тең салмактуу,** калыс баалап, пропагандалык тилге жол бербеңиз.

## 4.4. ООЛАК БОЛЧУ КАТАЛАР

- **Сенсациялуу баштемалар**
- **Жалпылоолорду колдонуу**
- **Такталбаган маалыматтарга таянуу,** өзгөчө идентификациялоо жана ыктымалдуу тобокелдиктер тиешелүү маселелерде.
- **Балдардын үнүн этибарга албоо.** Алардын чыныгы тажрыйбасын көрсөтүү маанилүү.

**Журналисттердин жана башка контент-жаратуучулардын кесипкөйлүгүнөн коомчулук көйгөйдү кантип кабыл алары гана эмес, балдардын тагдыры да көз каранды, себеби алардын келечеги адатта коомдук пикир менен калыптанат.**

# 5. ЭТИКАЛЫК ЖОЛ МЕНЕН ЧАГЫЛДЫРУУНУ КОЛДОО: ИРАКТАН ЖАНА СИРИЯДАН БАЛДАРДЫН РЕПАТРИАЦИЯСЫН ЖАНА РЕИНТЕГРАЦИЯСЫН ЧАГЫЛДЫРУУ БОЮНЧА ЮНИСЕФТИН КЫРГЫЗ ЖМКЛАРЫ МЕНЕН ИШИ

Балдарды өнүктүрүү боюнча Европа фондунун (FPI) жана USBCT'нын каржылоосу менен ишке ашкан ЮНИСЕФтин колдоосу алдында Кыргыз Республикасы Ирактан кайткан балдардын, ошондой эле Сириядан келген балдар менен алардын энелеринин кайтып келишине жана реинтеграциясына жигердүү даярдык көрүүгө чечкиндүү умтулуусун көрсөттү.

Кыргызстандын Өкмөтүнүн Маалымат департаменти менен өнөктөштүктө ЮНИСЕФ ЖМК кызматкерлеринин репатриациялоого байланышкан маселелерди этикалык нукта, кылдат чагылдыруу боюнча көндүмдөрүн жогорулатуу үчүн максаттуу тренингдерди уюштурду. Бул тренингдерде балдардын укуктарына, окуяларды этикалык нукта чагылдырууга, купуялуулукка жана кайтып келген балдарга жана алардын үй-бүлөлөрүнө карата зыяндуу стереотиптер жана стигмага каршы күрөшүү зарылдыгына өзгөчө көңүл бурулду.

Улуттук ЖМКнын дараметин жогорулатуу боюнча иш-чаралардын алкагында балдардын инсандыгын коргоого жана купуя маалыматка жоопкерчиликтүү мамиле жасоого өзгөчө көңүл бурулду. Журналисттер репатриацияланган балдардын коопсуздугуна, кадыр-баркына же жеке жашоосунун кол тийбестигине коркунуч келтире турган жеке маалыматтарды же сүрөттөрдү жарыялоодон кантип оолак болушу керектиги, Баланын укуктары жөнүндө конвенцияда бекем бекитилген принциптер боюнча практикалык көрсөтмөлөрдү алышты.

Мына ушундай күч-аракеттердин натыйжасында улуттук ЖМКларда окуяларды чагылдыруу бир топ жакшырды. Репортаждар бейтарап болуп, балдардын кызыкчылыктарын эсепке алып, кайтып келгендердин купуялуулугун жана кадыр-баркын сактап, реинтеграциялоо үчүн коопсуз жана жагымдуу чөйрөнү түзүүгө жардам берет.